# Адеп сабагынан тапшырмалар:

## ИДИШ-АЯК

**1. Бул кайсы идиштер?**

   

чайнек табак кашык чыны

**2. Табакта эмне бар? Жооп бергиле.**

Табакта ысык тамак бар.

  

**3. Үлгү боюнча айткыла.**

Чыны менен чай ичебиз. Кашык менен тамак ичебиз.

**4. Текстти окугула.**

### Ашканада

Бул ашкана.
Ашканада идиш-аяктар көп. Алар абдан кооз. Апам экөөбүз идиштерди жыйнайбыз жана жууйбуз.





Бул казан. Казанда тамак бар.

# Саламдашуу адеби



Төмөнкү макалдарды жаттоо:

*Карысы бардын ырысы бар.*

*Жаш келсе – ишке,*
*Кары келсе – ашка.*

*Жашка – кызмат,*
*Карыга – урмат.*

*Ырыс алды – ынтымак*

*Акылдуу бала – элпек,*
*Акылсыз бала – тентек*